Макулдашылды:

А.Абдесов а.о.м

Химия мугалими: Бегалиева Г.

_01_ _09_ 2022-ж

**БЕКИТЕМИН:**

**Мектеп жетекчиси**

**Жапаров А.А**

## Химия кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелери.

### Жалпы жобо.

Берилген нускамаларды сактоо химия сабагынан берген мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү.

1.Химиялык заттарды кол менен кармоого,даамын татууга болбойт.

2.Заттарда кандайдыр бир жыт чыкканы байкалса,аны бетке жакын кармап жыттоого болбойт.Себеби,дем алуу органын дүүлүктүрүшү мүмкүн.

3. Мугалимдин уруксаты жок белгисиз элементтерди кармабоо керек.

4. Тажрыйба жүргүзүүдө химиялык заттын аз дозасын пайдалануу.

5.Айрыкча шелочтуу кислоталар менен иштөөдө сак болуу.

6.Эгер кокусунан кийимге,колго кислота же щелоч тийсе тезинен суу менен жууп салуу.

7.Ар дайым таза лабораториялык идиш колдонуу.

8.Заттардын калдыгын кайра таза зат салынган идишке кошпоо.

Газ жылыткыч,спиртовка жана электр жылыткыч менен иштөөдө төмөнкү эрежелерди сактоо керек:

1.Газ жылыткыч менен иштөөдө биринчи ширенкени күйгүзүп,андан соң газды акырын ачуу керек.

2.Күйүп турган спиртовка менен экинчи спиртовканы күйгүзүүгө болбойт.Себеби,спирт төгүлүп кетип чоң жалын пайда болушу мүмкүн.

3.Күйүп турган спиртовканы капкагы менен жапкан гана өчүрүү керек.

4.Иш убактысы бүткөндө газ кранын жабууну унутпоо.

Макулдашылды:

А.Аблесов а.о.м

Физика мугалими: Бойгелдиев О.

5. 09 2022-ж

БЕКИТЕМИН:
Мектеп жетекчиси

Жапайов А.А

**Физика кабинет ичдеги техникалык коопсуздук эрежелери боюнча нускама.**

Берилген нускаманын сакталышы физика сабагынан берген мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү.

1.Мугалимдин көрсөтмөсүн так аткаруу.

2.Жумуш орундарын мугалимдин уруксаты жок таштап кетпөө.

3.Материалдарды,приборлорду,куралдарды иш столуна мугалимдин көрсөтмөсү менен ирээттүү коюу.
4.Ишке киришүүдөн мурда анын маанисин,аткаруу иретин терең окуп үйрөнүү.

5.Электр чынжырын чогултууда же андагы приборлорду алмаштырууда,ондогон чынжырды ток булагынан ажыратуу.

6.Тапшырмага керек болбогон приборлорго тийбөө.

7.Мугалимдин уруксаты жок ток булагына туташтырбоо.

8.Өткөргүчтөрдүн толук изоляцияланганына көңүл буруу.Электр чынжырын чогултууда өткөргүчтөрдүн клеммаларын пайдалануу.

9.Байкоодо жана иштөөдө электр чынжыры менен ынтаалуу өтө тыкан болуу.

10.Конденсаторго электр чынжырын ажыратканда да тийбөө жана разряддоо керек.

11.Электр приборлорунда чыңалуу байкалса,дароо мугалимге кабарлоо.

12.Ишти аткарып бүткөндөн кийин,ток булагынан ажыратып,андан электр чынжырын жыйноо.

Макулданылды:

А.Аблесов а.о.м

Инфоматика мугалими: Базарбаева А

1 . 09 2022-ж

БЕКИТЕМИН:
Мектеп жетекчиси

Жанмов А.А

**Информатика кабинетиндеги техникалык коопсуздук эрежелери.**

**Жалпы жобо.**

Берилген нускаманын сакталышы информатика сабагынан берген мугалимдер менен окуучулар үчүн милдеттүү.

Компьютерди үйрөнүүчүлөрдүн милдеттери:
Компьютердик техникага аяр мамиле кылуу
Мугалимдин уруксатсыз компьютерди ордунан жылдырбоо.

1.Дисплейдин экранынын жарык менен камсыз болушу керек,мында анын күн нурунун түз түшүүсүнөн түз сактоо зарыл.
2.Кабинеттин айнеги ачык түрдөгү штора менен тагылуусу керек.

Окуунун башталышындадажүрүшүндө жана бүтүшүндөгү коопсуздуктун сакталышы.

Окуунун башталышындагы окуучунун милдеттери:
1.Кабинетке мугалимдин уруксаты менен кирүү,аппаратурага сүйкөнбөө.
2.Олтуруучу орун даярдоо.
3.Мугалимдин уруксаты жок аппаратураны күйгүзбөө(не включать)
4.Көзү начар көрсө очки тагынуу.
5.Электр точкасына туташтырууда аяр болуу.

Сабактын жүрүшүндөгү окуучулардын милдеттери:
1.ПЭВМден50-70см аралыкта олтургучка түз олтуруу.
2.Бир сабакта ПЭВМ менен 20-25мүнөттөн ашык отурбоо.
3.Ар бир 15минутада көзгө гимнастика жасоо.
4.Техника менен иштөөдө ар бир мүчүлүштөр боюнча мугалимге билдирүү.

Сабактын жүрүшүндө окуучуларга тыюу салынат:
1.Ным деген кол жана кийим менен иштөөгө.
2.Мугалимдин көрсөтмөсүнөн сырткары иш аткарбоо.
3.Өз алдынча экранды которжбоого.
4.Өз алдынча техниканы оңдоого.

Сабактын аткарылышындагы окуучунун милдеттери:
1.Аппаратураны бул тартиппен ажыратуу.
2.Иштөө орундарын иретке келтирип,мугалимдин уруксаты жок чыгып кетпөө.

Авариялык жагдай пайда болгондогу талаптар:
1.Эгерде кандайдыр бир башка жыт чыкса,аппаратураны өчүрүп,мугалимге кайрылуу керек.
2.Аппаратура көрсөтпөй жатса,тезинен мугалимге кайрылуу.
3.Кокусунан өрт коркунучу туулса,мугалимдин көз алдында кабинеттен чыгуу.
4.Кокусунан жеңил мертинүүгө чалдыкса,мугалимге жардам сурап кайрылуу.